**М.Шейшеналиев атындагы жалпы билим берүү орто мектебинде 2019-2022-окуу жыл аралында окуу-тарбия иштеринин негизинде аткарылган иштердин анализи.**

Окуу жылынын башында мектептин жалпы планы түзүлүп, жалпы пландын негизинде ай сайын билим берүү бөлүмү тарабынан келген айлык пландын негизинде мектеп ичинде айлык план түзүлүп, мектеп мүдүрү тарабынан бекитилип, пландын негизинде жыл ичинде төмөндөгүдөй иштер аткарылды:

Сентябрь айында окуу-тарбия иштерине байланыштуу, баардык иш пландары түзүлүп, бекитилди. Мугалимдер тарабынан сабактардын календардык пландары түзүлүп, мектеп мүдүрү тарабынан бекитилип, класстык журналдар толтурулуду. 23-сентябрь Мамлекеттик тил күнүнө карата «Эне тилим – түгөнбөс байлыгым» деген темада кыргыз тил жана башталгыч класстарынын мугалимдери тарабынан кече өткөрүлдү. Сабакка келбеген окуучулардын саны такталды. Окуу жылынын башында такталуучу баардык маалыматтар такталып, билим берүү бөлүмүнө тапшырылды. Предметтер боюнча улуттук тестирлөөгө жана олимпиадага даярдоочу окуучулардын тизмесин тактоо, алар менен иштөө планы түзүлүп, бекитилди. Олимпиадага даярдоо планы быйылкы окуу жылында Билим берүү бөлүмү менен биргеликте макулдашып түзүлдү.

Октябрь айында гуманитардык усулдук бирикмеде окуу завучу менен биргеликте «Олимпиадага даярдоодо мугалимдердин иш тажрыйбасы» деген темада мастер-класс өтүлдү. Андан кийин мектеп ичинде предметтер боюнча олимпиада өтүлдү. Олимпиаданын максаты, жобосу, графиги окуучуларга тааныштырылып, графиктин негизинде сабактан кийинки убакта өтүлдү. Быйылкы окуу жылында тандалмалуу окуучулардан гана предметке жараша өздөштүрүүсү жакшы окуган окуучулардан олимпиада алынды. Жыйынтыгында, кыргыз тил сабагынан 10-класстын окуучусу Ильякунова Аделя 23 балл 2-орун, 11-классынын окуучусу Нурдинова Каныкей 28 балл 2-орун, тарых сабагынан Джумагулова Айдана 20 балл 2-орун, орус тил сабагынан Курманбекова Азиза 8 балл 2-орунга ээ болушкандыктарына байланыштуу, райондук олимпиадага катышууга жолдомо алышып, предметтик мугалимдер тарабынан даярданып жатышат. Октябрь айында « Кылым карыткан кыргыз тили» деген аталышта кыргыз тили жана адабияты сабагы боюнча декада кыргыз тил мугалимдери тарабынан өтүлдү.

Декадада: «Кылым карыткан кыргыз тили» деген аталышта бурч уюшулду. «Сабаттуу бол» деген аталышта окуучулардын кол жазмасына көнүл буруу максатында жазуу конкурсу уюшулду.

«Сүйлөм мүчөлөрү. Сүйлөмдүн баш мүчөлөрү» деген темада 5-класста ачык сабак, 8-10-11-класстарда окуучуларды олимпиадага даярдоо ыкмасы камтылган билим таймаш кыргыз тил мугалими Назаркулова Салтанат Эркинбековна тарабынан өтүлсө, 8-класстарда Манас таануу адабиятчы тарыхчы инсандардын өмүр жолун чагылдырган слайд кыргыз тил мугалими Абдырахманова Сымбат Кенешовна тарабынан өтүлдү.

Андан тышкары жалпы окуучулардын көркөм окуусуна көңүл буруу максатында поэзия кечеси, «Мен сүйгөн чыгарма» деген темада адабиятчылардын чыгармаларынан үзүндү аткаруу менен адабий кече өтүлүп, декада жыйынтыкталды.

Октябрь айында пландын негизинде жалпы текшерүү 5-8-класстарга коюлду. Быйылкы окуу жылында декада кайсы мугалимде болсо, жалпы текшерүү да ошол мугалимге коюлаары пландалган 5-8-класстар жалпы баардык жагынан усулдук бирикме жетекчи жана мектеп акимчилиги тарабынан текшерилди. 5-класстар башталгыч класстан жогорку класска көндүрүү максатында текшерилди.

Ноябрь айында 2-11-класстарда орус тили, кыргыз тили, математика сабактары дептерлердин абалы усулдук бирикме жетекчи тарабынан текшерүүгө алынды. Башталгыч класстардын билим сапатынын мониторинги алынып, жыйынтыгында, 3-класстын билим сапаты төмөнкү көрсөткүчтү көрсөткөндүктөн,билим сапатын жогорулатуу иш-аракетеери милдеттендирилди. «Тарыхы болбой, эл болбойт» деген темада тарых жана адам коом сабагынын декадасы өтүлдү, декаданын жүрүшүндө райондук семинар коюлган, семинарда тарых мугалими Тулекулова Бакыт Турарбековна тарабынан 5-класста « Үй бүлөө баалуулуктары» деген темада ачык сабак өтүлдү. Окуу бөлүмүнүн башчысы кыргыз тил мугалими Назаркулова Салтанат Эркинбековна тарабынан «Окуучуларды олимпиадага даярдоо жолдору жана мугалимдин олимпиадага даярдоодо иш тажрыйбасы» деген темада тарых сабагынын мугалими Тулекулова Бакыт Турарбековна тарабынан тренинг өтүлдү. Семинардын 3-бөлүгүндө кыргыз тил мугалими, мектеп мүдүрү Абдырахманова Сымбат Кенешовна «Окуу керемет» долбоорунун стратегияларынын колдонуу менен «Бекеттер» стратегиясы боюнча мастер-класс өттү. Андан тышкары декаданын жүрүшүндө пландын негизинде төмөндөгүдөй иштер аткарылды:

Ж.Абдрахманов жана Касым Тыныстановдун 110 жылдык юбилейине карата бурч уюшулуп, дүйнөнүн кереметтери жана кыргыз жеринин берметтери аталышында сүрөт конкурсу уюшулду.

Тарых сабагы жана тарыхый инсандарды камтыган билим таймаш 5-11-класстарда уюшулду, жарыяланган конкурстардын жыйынтыгын чыгаруу менен декада жыйынтыкталды. Предметтер боюнча окуучуларды олимпиадага предметтик мугалимдер тынымсыз даярдап жатышты.

Андан тышкары ноябрь айында география сабагынын да декадасы өтүлдү. География предмети боюнча өтүлүүчү декаданын планы түзүлүп, пландын негизинде төмөндөгүдөй иштер аткарылды. «Кыргызстандын жети кереметине саякат» деген аталышта 6-11-класстарда презентация, окуучуларга кол өнөрчүлүк боюнча сынак жарыяланып, жыйынтыкталды. «Кыргызстандын кен байлыктары» деген темада 8-класстарда география предмети боюнча ачык сабак өтүлдү. Билимин жогорулатууга бара турган мугалимдер графиктин негизинде башталгыч классынын мугалими Анапияева М.Дж. оффлайн түрүндө билимин жогорулатуу курсунан өтүп келди.

Декабрь айында жаш мугалимдер үчүн насаатчы мугалимдердин ачык сабактарын уюштуруу иши жүргүзүлүп, жаш мугалим Мусабаева Айжамал Тахировнага насаатчы англис тили мугалими Дерденкулова Айша Багышовна даярдалган ачык сабак уюштуруп, сабактын ыкмаларын колдонуу боюнча маалымат берди. 1-чейректин жыйынтыгы менен билим сапаты төмөн көрсөткүчтү көрсөткөн 3-4-9-класстардын сабактарына катышуу пландаштырылган сабактарына катышуу менен 2-чейректе жогоруда класстардын билим сапатын бир аз жогорулатууга аракет жасадык. Электрондук күндөлүккө балдар толтуруп жатышат. Ошого байланыштуу 1-11-класстарда күндөлүктөрдүн абалы текшерилди. Жазуу предметтеринин дептерлери көбүрөөк алынат. Бул айда да математика , кыргыз тил, орус тил сабагынын дептерлери текшерүүгө алынды. Дептерлер жазуу тартибине ылайык жазылган. 1-жарым жылдыкты жыйынтыктоо максатында 1-жарым жылдык ичинде билимин жогорулатууга, семинар-тренингдерге катышып келген мугалимдер менен тажрыйба бөлүшүү максатында, баардык мугалимдер менен мастер –класс өтүлдү. Усулдук бирикме жетекчилери тарабынан «Билим сапатын көтөрүү көйгөйлөрүн чечүү жолдору» деген темада баардык мугалимдерге тренинг өтүлдү.

Химия декадасынын планы түзүлүп, пландын негизинде төмөндөгүдөй иштер аткарылды:

Химия сабагы боюнча декаданын ачылышы жарыяланып, 8-11-класстарда «Химиялык элементтердин п арады» деген темада кече уюшулду. 9-класста «Ион алмашуу реакциялары» (практикалык иш) ачык сабак өтүлдү. Декаданын аягында «Суроолор боюнча сөз табуу» , кроссворд конкурсу «Элементтерди атоо» оюну менен декада жыйынтыкталды.

Биология декадасында 21-декабрь күнү « Жаратылыш экологиялык коркунучта» деген темада 6-11-класстарда презентация көрсөтүлдү. 5-11-класстардын окуучулары өздөрү биология предмети боюнча түзгөн кроссворд оюндарын бирге чечмелешти. 25-декабрда 5-11-класстарда биологиялык терминдер боюнча оюндар, 26-декабрда 6-11-класстарда блиц турнир өтүлүп, 28-декабрда декада жыйынтыкталды. Декабрь айында андан тышкары 12-декабрь адабият күнүнө карата Ч.Айтматов менен А.Осмоновду эскерүү максатында план түзүлүп, эскерүү кечелери. Видео тасма, класстык сааттар өтүлүп, дубал газеталар уюшулду. 1-4-класстарда «Окуу керемет» долбоорунун алкагында башталгыч класстардын мугалимдери тарабынан ачык сабак уюшулуп, сабакка методист Өзүбекова Н.А. катышты.

2018-2019-окуу жылдардан бери райондук олимпиаданын өтүү структурасында өзгөрүүлөр киргизилип, тапшырмалар да областык деңгээлге ылайыкташтырылып түзүлгөндүктөн, ошого жараша мектеп ичинде олимпиада өтүлүп, андан жогорку балл алган 9-классынын окуучусу орус тил сабагынан райондук олимпиадага катышып келди. 2019-2020-о.ж.-2020-2021-окуу жылдары кыргыз тил сабагынан Нурдинова Каныкей райондук олимпиадага катышып, жогорку баллга ээ болуп келди. Акыркы жылдары 9-10-11-класстардан улуттук тестирлөөгө балдар катышып, даярдык көрүп катышкан балдар «4»жана «5» деген жетишкендиктерге ээ болушту.

Мектеп ичинде мугалимдер бири-биринин сабактарына катышуу менен тажрыйба алмашып турушат. Андан тышкары райондук жана башка тараптан өтүлүүчү семинар-тренингдерге тиешелүү мугалимдерди жөнөтүп катышып келип, мугалимдерге өтүп көрсөтүп беришти.

Февраль айында мектеп ичинде 3-11-класстарда англис тил сабагынын өтүлүшү көзөмөлдөндү. 6-11-класстардын тарбиялык иштеринин абалы каралып, англис тил мугалимдеринин иш кагаздары текшерүүгө алынды. Орус тил предмети боюнча декада өтүлдү. 5-11-класстарда орус тил сабагынын өтүлүшү көзөмөлдөнүп, 10-класстын тарбиялык иштери текшерүүгө алынды. Орус тил мугалимдеринин иш кагаздары жалпы текшерүүгө алынды. Билим сапатын көтөрүү максатында жазуу иштерин алып, мониторинг жүргүзүлдү.

Март айында башталгыч класстардын декадасы уюшулду. План программалардын аткарылышы көзөмөлдөндү. Технология, Дене тарбия, АЧД сабактарынын декадасы уюшулуп, кандайдыр бир себептерден улам декадасы пландалып, өтүлгөн жок. Жалпы предметтер боюнча текшерүү жүргүзүлдү.

Жыйынтыгында, билим сапатын көтөрүү максатында ар тараптуу иштерди уюштуруу, замандын талабына ылайык окуу программасы менен иштөө. Мугалимдердин билимин маал-маалы менен жогорулатып туруу, мугалимдердин сабакка катышуусун күчөтүү.

Мектеп мүдүрү: Абдырахманова С.К.